**ПРОТОКОЛ №10**

**Ош технологиялык университети**

**Табигый-техникалык факультети**

**Информатика миңбарынын иш берүүчүлөр чогулушу**

**20.04.2020-ж.** **Ош шаары**

**Кафедра башчысы ф.-м.и.к, доцент** – Мамбетов Ж.И.
**Катчысы** – Абдыракманова К.Т.

**Катышкандар:**
1. Саримсаков А.А., Аттокуров У.Т., Матисаков Ж.К., Маматкасымова А.Т., Атамкулова М.Т., Осекова Г.А., Бекташова Р.А., Джороев Т.К., Жалжаева К.М., Асанова С.О., Омурзаков Б.К., Жусупова Э.К. студенттер, иш берүүчүлөр.

**Күн тартибинде каралуучу маселелер:**

1. Иш берүүчүлөр менен таанышуу.
2. Иш берүүчүлөр жана студенттер арасында суроо-жооптор.
3. Колдонмо информатика адистигинин жана дизайн багытынын НББПсын талкуулоо.
4. НББПга өзгөртүүлөрдү киргизүү.

**Факультеттин деканы– А.Саримсаков** сөзгө чыгып, бүгүнкү жолугушуунун негизги максаты менен бир катар тааныштырып, келген конокторго өздөрүн таныштырып, кетүү үчүн сөз берди.

**Сөзгө чыкты: Ош соода курулуш колледжинин Маалымат технологиялар бөлүмүнүн башчысы У.А. Койчубаев**

**1. У.А.Койчубаев**

Ал сөзүн ТТФнын кыскача тарыхы менен тааныштыруудан баштап, өзүн ушул факультеттин бир мүчөсү катары сезерин айтып, өзүн тааныштырды. Азыркы убактагы иш орду менен, ошондой эле өз ишине байланыштуу биздин факультеттин адистерин жумушка алуу жолдорун айтып, өз тажрыйбасы менен бөлүшүп кетти.

Ошондой эле учурда заман талаптарынын бири болгон программисттик кесиптин ээлери курулуш жаатында да өтө керектүү экендигин баса белгилеп өттү.

**Сөзгө чыккандар:**

2. **“Жети Түс” полиграфиялык жеке ишканасынын борборунун башчысы А.Сатыбаев,**
3. **“Интеллект өнүктүрүү” борборунун башчысы С.У. Умаров,**
4. **“ Ulukmurza” полиграфиялык борборунун башчысы У.М.Мырзаев,**
5. **“Достук” полиграфиялык борборунун башчысы А.Ибрагимов,**
6. **“Георазведнедр” жеке ишканасынын ген.директору А.Т.,Джолдошов,**
7. **Ош технологиялык университетинин карьердик борборунун жетекчиси М.И. Ибраева,**

8. **Бизнес информатика кафедрасынын ага окутуучусу К.М. Маатов**

Жогоруда келген коноктор баары өз жумуштары жана кызмат орундары, ал кызмат орундарга кандайча жетишкендиктери тууралуу кыскача айтып, өздөрүн тааныштырып кетишти.

Келген коноктордун ар бири инженердик кесиптин ээлери экендиги баса белгиленип, учурдагы IT-специалисттердин орду кайсыл тармакта болбосун эң керектүү адистер экендигин баса белгилеп, Колдонмо информатика профилиндеги студенттер үчүн учурда кайсыл программаларга, кайсыл программалоо тилдерине көбүрөөк басым жасоо керектиги тууралуу ой пикирлер айтылды.

Ар бир келген конокко студенттер тарабынан ар кандай кызыктуу суроолор берилип, тиешелүү жооптор алынды.

Эң алгач суроону А.Саримсаков келген конокторго узатты – Биздин студенттер сиздердин ишканаңыздарга практика өтөөгө барса болобу?

Жооп: А. Сатыбаев – Болот. Полиграфия боюнча практикага жеринен көрүп келсе болот.

Жооп: С.Умаров – Атайын биздин бөлүмдө өтөөгө мүмкүнчүлүк жок, бирок интеллект өнүктүрүү борборунун системасы менен таанышып практика өтөшсө болот.

Жооп: А.Т.Джолдошов – Албетте бизге келип практика өтөсө болот. Программист сөзсүз керек. Геологиялык карталар менен иштөөдө бизге адистер керек.

Суроо: ПИ-19 тайпасынын студенти Сүйүнбай кызы Меңдайым– Редакцияларда кайсыл программалар менен иштейсиздер?

Жооп: А.Сатыбаев – бизде негизинен Indirain, CorelDRAW, PhotoShop программаларында иштелет. Практикага башка вуздардан келишет, бирок тийиштүү адистиктерден эмес, келип ошол программаларды үйрөнүп кетишет. А сиздер да бизге келип практика өтөп кетсеңиздер болот.

Суроо: Ж.Мамбетов – Бизден барган практика кандай иштеп жатышат сиздер менен?

Жооп: А.Сатыбаев – Баардык жерде кемчилик болот, адамдарда да, иште да, бирок ошол кемчиликтин үстүнөн иштөө бул эң жакшы сапат. Бизде иштеп жаткан сиздердин студенттериңиздер бар, жакшы иштеп жатышат. Полиграфиялык борбор болгондуктан, бизде графикалык программалар иштетилет, ошол программаларбоюнча практика өтөсө болот.

Суроо: ПИ-19 тайпасынын студенти Абдыкасым кызы Даткайым– Биз окууну бүтүп барып графикалык дизайнер болуп иштешибиз керекпи же башка жумуштан баштасак да болобу

Жооп: А.Сатыбаев – менин оюмча колдонмо информатика адитигинин дизайн багытын бүтуп баргандан кийин операторлуктан баштасаң, өзүңдүн кесибиңдин мыкты адиси болуп жетилесин, деген ойдомун. Себеби, практика жүзүндө ошол жерде үйрөнөсүн.

Жооп: У. Мырзаев – сен бир жерге барып ишке кириш үчүн өзүңдү жакшылап аларга тааныштырышың керек, алар сени кандай адам экениңди, билимиң канчалык экенин билбей туруп, чоңураак кызмат орунга коё албайт. Эгер сен ар бир тепкичти туура так басып өтсөң, өз ишиңди так аткарып, тартипти туура аткарып барсаң жетекчилик сени эч качан таштап койбойт, коё да бербейт. Жогоруга карап өздөрү көтөрө беришет.

Нурбек кызы Айназик ПИ-20 тайпасынын студенти – Биз сиздердин ишиңиздерди канткенде жеңилдетип беришибиз мүмкүн? Кандай программалар сиздерге ылайыктуу болмок?

Жооп: У.Койчубаев – биздин окуу жайга тийиштүү бир маалыматтык борбор бар, алардын баарын борборлоштуруш керек. Башка тармактарда да ушул сыяктуу борборлоштурулган базага муктаж ишканалар бар деп ойлойм. Силерушундай бир борборлоштурулган маалыматтар системасы боюнча программларды иштеп чыгып, сунуштасаңар болот.

Суроо: ПИ-21 тайпасынын студенти Советбекова Жамила – Сиз биздин түздөн түз кесиптешибиз катары бизге кайсыл программларды үйрөнүүнү сунуштайсыз?

Жооп:У.Койчубаев – Негизинен Adobe Premiere Pro, Edius программаларынын жардамында видеолор монтаждалат, ушул программалар менен эле катар, студенттердин жеке иштөөлөрү үчүн Pinnacle Studio, Киномастер сыяктуу программаларды, анимациялык сүрөттөлүштөрдү, мультфильмдерди жаратуу үчүн 3DS MAX программаларын сунуштайт элем.

Жогоруда көрсөтүлгөндөй студенттер менен иш берүүчүлөр арасында кызыктуу маек болуп, акырында Колдонмо информатика адистигинин дизайн багытынын окуу пландарына тийиштүү өзгөртүүлөрдү киргизүү сунушу каралды.

Окуу пландар боюнча кафедра башчы Ж.Мамбетов бир катар тааныштырып өттү жана жогоруда болуп өткөн талкуудан кийин төмөндөгүдөй жыйынтык чыгарууну сунуштады.

**Сунуш:**

1. Иш берүүчүлөр менен студенттердин сунушун эске алуу менен, Колдонмо информатика дизайн багыты жана адистигинин окуу пландарына тийиштүү өзгөртүүлөрдү киргизүү сунушу Информатика кафедрасынын отурумунда кароого сунушталсын.

Жогорудагы сунуштар колго салынып, баары бир добуштан колдошту.